3. Квасных Г.С., Саржанова А.Н. Патриотическое воспитание студентов в современном вузе // Вектор науки. Серия Педагогика, психология. – 2015. – № 1. – С. 87-90.
4. Пионтковский В.В. Патриотическое воспитание учащейся молодёжи в условиях регионального образования: дис. … д-ра пед. наук: 13.00.01. – Якутск, 2006. – 326 с.
5. Пронина М.А. Формирование правовой культуры посредством развития системы патриотического воспитания и гражданского обучения // Культура: управление, экономика, право. – 2017. – № 1. – С. 22-27.
6. Савотина Н.А. Приоритеты развития гражданского и патриотического воспитания // Педагогика. – 2016. – № 6. – С. 3-15.
7. Томилина С.Н. Современный патриотизм: сущность и проблемы // Научный журнал КубГАУ. – 2015. – № 110. – С. 1-11.

**References:**

1. Abdymomunova G.A. Some issues of educating young people to patriotism based on the epic "Manas". - Bishkek, 2005. - 111 p.
2. Baigaziev S.O. The concept of spiritual, moral and patriotic upbringing of young generations // Kut bilim. – Bishkek, 2013. – pp. 2-3.
3. Kvasnyh G.S., Sarzhanova A.N. Patriotic education of students in a modern university // Vector science. Series Pedagogy, psychology. - 2015. - No. 1. - S. 87-90.
4. Piontkovsky V.V. Patriotic education of young people in the conditions of regional education: thesis. ... Dr. Ped. Science: 13.00.01. - Yakutsk, 2006. - 326 p.
5. Pronina M.A. Formation of legal culture through the development of a system of patriotic education and civil education // Culture: management, economics, law. - 2017. - No. 1. - S. 22-27.
6. Savotina N.A. Priority of development of civil and patriotic education // Pedagogy. - 2016. - No. 6. - S. 3-15.
7. Tomilina S.N. Contemporary patriotism: essence and problems // Scientific journal KubGAU. - 2015. - No. 110. - S. 1-11.

УДК 378.1
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2022-2(2)-25-32

**Калдыбаев С.К., Айтимбетова А.К.**
Ала-Тоо эл аралык университети, педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, аспирант
**Калдыбаев С.К., Айтимбетова А.К.,**
Международный университет Ала-Тоо, доктор педагогических наук, профессор,
Национальный университет им. Ж. Баласагына, аспирантка
**Kaldybaev S.K., Aitimbetova A.K.**
Ala-Too International University, Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,
National University named after Zhusupa Balasagyna, graduate student

## «ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК КОМПЕТЕНТҮҮЛҮК» ТҮШҮНҮГҮНҮН МААНИСИ, КАСИЕТТЕРИ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

# СУЩНОСТЬ, СВОЙСТВА И ФУНКЦИИ ПОНЯТИЯ «ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ»
# THE ESSENCE, PROPERTIES AND FUNCTIONS OF THE CONCEPT OF "RESEARCH COMPETENCE"

**Аннотация:** Макалада «Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн мааниси, касиеттери жана аткаруучу функциялары иликтөөгө алынган. Бул түшүнүккө аныктама беришкен окумуштуулардын эмгектери анализденген. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүктүн касиеттери чечмеленип, аткаруучу функциялары келтирилген.

**Аннотация:** В статье изучено понятие «Исследовательская компетентность», его сущность, свойства и функции. Проанализировано работы ученых, определивших суть данного понятия. Объяснены свойства исследовательской компетентности, приведены его функции.

**Annotation:** The article examines the concept of "Research competence", its essence, properties and functions. The work of scientists who defined the essence of this concept is analyzed. The properties of research competence are explained, its functions are given.

**Негизги сөздөр:** жогорку кесиптик билим берүү; компетенттүүлүк; компетенция; компетенттүүлүк мамиле; изилдөө; ишмердүүлүк; изилдөөчүлүк ишмердүүлүк; изилдөөчүлүк компетенттүүлүк; даярдык; касиеттер; функция.

**Ключевые слова:** высшее профессиональное образование; компетентность; компетенция; компетентностный подход; исследование; деятельность; исследовательская деятельность; исследовательская компетентность; готовность; свойства; функция.

**Keywords:** higher professional education; competence; competence; competence approach; research; activity; research activity; research competence; readiness; properties; function.

Азыркы коомдун өнүгүүсү өзүнүн динамикалуулугу менен, жаратылышты таанып билүүнүн жаңы деңгээлине жетүүсү менен, социалдык түзүлүштүн өзгөрүшү менен, жаңы ишмердүүлүктөрдүн пайда болуусу менен мүнөздөлөт. Мындай шарттарда заманбап адистин керектүү маалыматтарды өз алдынча издөөгө умтулуусу жана жөндөмдүү болуусу, кесиптик ишмердүүлүктүн негизин түзгөн фундаменталдуу билимдерге ээ болуусу, жүрүм турумдун жана ишмердүүлүктүн жаңы стратегияларын түзө ала турган жана ишке ашыра турган билгичтиктерге ээ болуусу коомдун өнүгүүсү үчүн маанилүү болуп эсептелет. Булардын ичинен, кесиптик жана социалдык ишмердүүлүктү аткарууга карата адистин даярдыгынын курамынан изилдөөчүлүк бөлүгү алдыңкы планга коюлууда. Ошондуктан изилдөөчүлүк компетенцияны калыптандыруу жана өнүктүрүү маселеси жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнө коюлуучу заманбап талаптардан болуп эсептелет. Демек, жогорку кесиптик билим берүү эмгек сферасындагы өзгөрүүлөргө бат адаптациялана ала турган, белгисиз жана карама каршылыктуу абалда өз ордун таба ала турган жана аракеттене турган, ишке чыгармачылык менен мамиле кыла турган, ой жүгүртүүнүн жогорку маданиятына ээ боло турган адистерди даярдоонун ийкемдүү системасына өтүүсү зарыл экендиги белгилүү.

Мындай адистерди даярдоодо компетенттүүлүк мамиле кылуу керек экендиги дагы маалым. Бул учурда билим берүү процессин уюштуруу болочок адистин чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө, стандарттуу эмес абалда аракеттене алууга даяр болуусун калыптандырууга багытталышы зарыл [2; 3; 9]. Азыркы учурда окутуу процессинде

чыгармачыл инсанды калыптандырууга жана өнүктүрүүгө көбүрөөк көңүл бөлүнүүдө. Окуу программаларында көбүнчө студенттердин изилдөөчүлүк ишмердүүлүктөрүн арттырууга, изилдөөчүлүк компетенцияларын калыптандырууга басым коюлууда. Мында студенттердин чыгармачылыгын өнүктүрүү, таанып билүү активдүүлүгүн жогорулатуу, жаңы абалда жана белгисиз абалда студенттин изилдөөчүлүк шыктарын өнүктүрүү башкы максат катары каралат.

Инсандын изилдөөчүлүк билгичтиктерин өнүктүрүүнүн педагогикалык каражаттарын жана принциптерин изилдөөдө психологияга жана педагогикага С.И. Архангельский, В.И. Андреев, Б.Г. Ананьев, А.А. Вербицкий, В.И. Загвязинский, И.Я. Лернер, М.И. Махмутов, Н.В. Кузьмина, Я.А. Пономарев сыяктуу окумуштуулар татыктуу салымдарын кошушкан. Бирок, эске ала кетүүчү нерсе, бул изилдөөлөр советтик педагогиканын учурунда ишке ашырылган жана «изилдөөчүлүк билгичтик» түшүнүгүнө советтик педагогиканын алкагындагы проблемаларды эсепке алуу менен аныктама берилген. Бул билгичтиктерди калыптандыруунун каражаты катары чектелген окутуу формалары жана методдору колдонулган.

Азыркы учурда «изилдөөчүлүк билгичтик» түшүнүгүнүн ордуна, андан кеңири катары эсептелген «изилдөөчүлүк компетенттүүлүк» түшүнүгү колдонулууда. Бул түшүнүк «компетенция», «компетенттүүлүк» жана «компетенттүүлүк мамиле» түшүнүктөрү аркылуу чечмеленет. «Компетенттүүлүк» түшүнүгү инсандын турмуштук жана кесиптик милдеттерди аткарууга карата жөндөмдүүлүгү катары каралат. Ал эми «компетенция» түшүнүгү инсанды даярдоого карата мурдатан берилген талаптар катары, б.а. билим берүүнүн максаты катары каралат [4; 5; 6].

Компетенттүүлүк система катары каралат жана бир нече бири-бири менен байланышкан жана бири-бирин толуктаган компоненттерди (билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, ишмердүүлүктүн ыкмалары, инсандык касиеттер) камтыйт. Мында негизин түзүүчүлөрдөн болуп практикалык жактарды мүнөздөп турган компоненттер эсептелет: билгичтиктер, көндүмдөр, ишмердүүлүктүн ыкмалары. Бул аталган компоненттердин интеграцияланышы компетенттүүлүктү инсандык мүнөздөмө катары кароого мүмкүндүк берет. Компетенттүүлүк – билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн, ишмердүүлүктүн ыкмаларынын бир бүтүндүүлүккө айланышы, инсанга өз алдынча аракеттенүүгө, жоопкерчиликти өзүнө алууга демилгелүү болууга мүмкүндүк берет.

Компетенттүүлүк мамиле окутуу процессинин шарттарына, бардык компоненттерине (максат, мазмун, окутуунун методдору жана формалары) өзгөртүү киргизүүнү талап кылат. Аны ишке ашыруу үчүн керектүү шарттар болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- окутуунун максатына болгон мамилени өзгөртүү, мында максат өз алдынча, ички мотивдешкен болжолдуу натыйжа болуп эсептелет;
- билим берүүнүн мазмунун аныктоо жана тандап алуу, мында мазмун компетенттүүлүктү калыптандыра тургандай болуп аныкталышы зарыл;
- окутуучунун ролунун өзгөрүшү, мында окутуучу билимдерди баяндап, көрсөтүп берүүчү ролунан окутуу процессин уюштуруучу, ар бир студенттин жекече билим алуу траекториясын түзүп, ага жардам берүүчү ролуна көтөрүлүшү керек;
- окутуунун методдору өзгөрүүгө дуушар болот, мында тандалып алынган методдор студенттин компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталып, окуучунун өздүк дараметин, мүмкүнчүлүгүн эсепке алат;

- студенттин универсалдык жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган билим берүү чөйрөсү болуусу зарыл.

Көптөгөн окумуштуулар студенттин изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүн алдын ала пландалган изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн натыйжасы (изилдөө ишин жазуу, экспериментти уюштурууну пландоо, ишке ашыруу, жыйынтыгын анализдөө жана жалпылоо ж.б.) деп эсептешет [7]. Россиялык изилдөөчү С.И. Осипова изилдөөчүлүк компетенттүүлүктүн кайра түзүүчүлүк мүнөзүн белгилейт жана аны интеграциялоочу инсандык сапат катары карайт. Мында кайра түзүүчүлүк – студенттин жаңы билимдерди өз алдынча алууга даяр экендиги, же билимди кайра калыбына келтирип, анын маанисин түшүндүрүп, же окшош абалда колдонуу билгичтигин эмес, билимди, билгичтиктерди колдонуп бир нерсени кайра түзүп чыгууну, же жаңы нерсени алууну, жаңы продуктту түзүп чыгууну түшүндүрөт [8]. Автор изилдөөчүлүк компетенттүүлүктүн үч негизги элементин белгилейт:

- ишмердүүлүктүн максатын белгилөө;
- предметти, ишмердүүлүктүн каражаттарын аныктоо, белгиленген аракеттерди ишке ашыруу;
- ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын рефлексиялоо, анализдөө (жыйынтыкты коюлган максат менен салыштыруу).

Изилдөөчү Л.Ш. Абдулова “изилдөөчүлүк компетенттүүлүк” түшүнүгүн билимдер, элестөөлөр, аракеттердин программасы, баалуулуктардын жана катнаштардын системасы катары карайт, булар кийин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктүн ишмердүүлүктүү, актуалдуу чагылдырылышында аныкталат [1]. Бул аныктамада биз көңүл бөлө турган нерсе, автор изилдөөчүлүк компетенттүүлүктүн курамын (билимдер, элестөөлөр, аракеттердин программасы, баалуулуктардын жана катнаштардын системасы) жана функциясын (ишмердүүлүктүү, актуалдуу чагылдырылышы) белгилеп турат. Бирок, мында изилдөөчүлүк компетенттүүлүктүн башкы мазмуну – изилдөөчүлүк компонент белгиленген эмес. Бул компонент жалпы мүнөздө жана изилдөөчүлүк компетенцияга эле тиешелүү эмес деп айтууга болот. Ар кандай компетенттүүлүк ишмердүүлүктө гана калыптанат жана ачыкталып берилет, – деп туура белгилейт Л.Ш. Абдулова. Жогорку окуу жайларында студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрү алардын изилдөөчүлүк ишмердүүлүктөрү аркылуу калыптанат.

Дагы бир орус изилдөөчүсү А.А. Ушаков өз эмгегинде изилдөөчүлүк компетенттүүлүктү инсандын интегрлешкен сапаты деп аныктайт. Мында изилдөөчүлүк компетенттүүлүк билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн, баалуулук катнаштардын жыйындысын колдонуу аркылуу изилдөөчүлүк милдеттерди өз алдынча чечүүгө, чыгармачыл ишмердүүлүктү уюштурууга карата даярдыгы катары каралат [10]. Бул аныктаманын алгылыктуулугу катары белгилей кетүүчү нерсе, изилдөөчүлүк компетенттүүлүк билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн, баалуулук катнаштардын синтезин билдирген инсандын интегрлешкен сапаты катары каралат. Мындан тышкары, изилдөөчүлүк компетенттүүлүк мында инсан калыптандырган баалуулугу катары дагы каралат. Бул аныктамада инсандын өз алдынчалуулугу башкы орунда эмес, анын изилдөө милдеттерин чечүүгө, чыгармачыл эмгектенүүгө багытталган изилдөөчүлүк ишмердүүлүгү негизги орунда. Бул компетенттүүлүктө чыгармачыл ишмердүүлүк абдан маанилүү, анткени мында изилдөөчүлүк милдеттерди чечүү жөн гана бир предметтин

алкагында болбостон, бир нече предметтерди камтыган турмуштук, кесиптик кырдаалдардын алкагында болуусун, б.а. комплектүү мүнөздө болуусун шарттайт.

“Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк” түшүнүгүнүн биз жогоруда талдоого алган аныктамалары жалпысынан анын изилдөөнү аткарууга карата даярдыгын жана жөндөмдүүлүгүн белгилеп турат. Ошол эле учурда авторлор бул түшүнүк боюнча өз позицияларын негиздей албаганын белгилөөгө болот. Мында белгисиз катары болуп жатканы – бул түшүнүктү аныктоодо авторлордун эмне үчүн бул же тигил позицияны тандап алышканы.

Биздин оюбузча, изилдөөчүлүк компетенттүүлүк ой жүгүртүү процессинин жана изилдөөчүлүк активдүүлүктүн төмөнкүдөй өнүгүү деңгээлин көрсөтүп турат:

- проблеманы көрө билүү жана аны ажырата билүү, аларды чечүүгө карата божомолдорду түзүү, проблеманы чечүүнүн шарттарын аныктап алуу;
- божомолдорду, гипотезаларды түзүү жана аларды негиздөө;
- татаал кубулуштардын, окуялардын, айтылыштардын, тексттердин бир нече маңыздарын бир эле маалда эске сактап туруу.

Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк адамдын ишмердүүлүккө болгон жөндөмдүүлүгүндө билинет жана ал интегративдүү мүнөзгө ээ, өздөштүрүүчү предметти, методологиялык жана изилдөөчүлүк билимдерди жогорку деңгээлде калыптандырууну шарттайт.

Жогоруда келтирилген аныктамаларга анализ жүргүзүү бизге “Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк” түшүнүгүнүн маңызын аныктоонун бир нече мамилелеринин орун алганын байкоого мүмкүндүк берди. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүктүн маңызын аныктоодогу биринчи мамиле – бул аталган түшүнүктүн маңызын компетенттүүлүк түшүнүгү аркылуу чечмелөөсүндө жатат. Мында “изилдөөчүлүк компетенттүүлүк” түшүнүгү түйүндүү компетенттүүлүктүн бир компоненти катары каралат. Экинчи мамилени жактаган авторлор изилдөөчүлүк компетенттүүлүктүн маңызын инсандын изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү аткарууга карата даярдыгы деп түшүнүшөт. Үчүнчү мамиледеги авторлор изилдөөчүлүк компетенттүүлүктү “изилдөө” түшүнүгү аркылуу чечмелөөгө аракеттенишет жана анын маңызын инсандын изилдөө жүргүзүүгө даярдыгы деп аныкташат.

Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк тууралуу адабияттарга анализ жүргүзүү, анын маңызын чечмелөө бизге, бул түшүнүктүн маңыздуу касиеттери тууралуу пикирди айтууга мүмкүндүк берди.

Биринчи касиет – системдүүлүк. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк өздөштүрүлүп жаткан объектти системдүү түрдө кабыл алууга, өздөштүргөн түшүнүктөрдүн элементтерин бөлүп кароого, алардын бири-бири менен байланышын аныктоого, аларды ар биринин коюлган максатка биригүүсүн аныктап алууга мүмкүндүк берет.

Экинчи касиет – чыгармачылдык. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк студенттин ишке чыгармачыл мамиле жасоосун шарттайт. Анткени чыгармачыл иш аракеттер аркылуу студент кабыл алган билимдерин жана билгичтиктерин жаңы абалда колдонот. Бул иш аракеттердин натыйжасында ал өзүнө тиешелүү болгон жаңы билимдерге жана тажрыйбаларга ээ болот.

Үчүнчү касиет – инновациялуулук. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк студентти окуу предметин өздөштүрүүдө, алган билимдерин колдонууда кадимки, формалдуу абалдан чыгып, жаңы мамилелерди, жаңы ыкмаларды түзүүнү жана колдонууну талап кылат.

Төртүнчү касиет – прогноздоочулук. Бул касиет инсандын келечекти көрө билүүсүнө түрткү берүүсүн билгизет. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк инсанды субъективдүү көз караштан эмес, илимий талдоолорду жүргүзүүнүн көз карашынан алып каоап, алынган так маалыматтардын негизинде гипотезаны түзө билүүсүн камсыз кылат.

Бешинчи касиет – көпченемдүүлүк. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк чыныгы турмушту изилдөөдө билгичтиктин негиздүү түрлөрүн колдоно билүүнү шарттайт. Объектти изилдөөдө инсан анализдөөчүлүк, сынчылдык, коммуникативдүүлүк, салыштыруучулук ж.б. билгичтиктерди колдонуп, объектти ар тараптан иликтеп чыгат.

Окумуштуулар изилдөөчүлүк компетенттүүлүктүн аткаруучу кызматы – функциясы тууралуу дагы өз сунуштарын беришкен. Алардын эмгектерин анализдөөдө төмөнкүдөй функциялар негиздүү деп эсептелди:

1) Инсандык-өнүктүрүүчү функция. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк инсандын өнүгүүсүнө чоң өбөлгө түзөт жана анын өнүгүүсү бул компетенттүүлүктүн кызматы болуп эсептелет. Бул функция таанып билүү процессинин өнүгүүсүнө түрткү берет, инсандын эмоционалдык-эрктик сферасына таасир тийгизет. Изилдөөчүлүк компетенцияга ээ болгон инсан интеллектуалдык билгичтиктерди тиешелүү ишмердүүлүктөрдө ийгиликтүү колдоно алат. Бул компетенттүүлүктүн негизинде инсан өзүн өзү өнүктүрүүчүлүк көндүмдөрүнө ээ болот.

2) Илимий-методологиялык функция. Инсандын изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүнүн бул функциясы чыныгы дүйнөнүн бирдиктүү сүрөттөлүшү жөнүндө элестөөлөрдүн калыптанышына таасир тийгизет. Чыныгы дүйнөнү илимий түрдө чагылдырууга жардам берет. Бул багытта ал инсандын илимий таанып билүүнүн методдоруна ээ болуусуна көмөк көрсөтөт. Бул функция инсандын ой жүгүртүүсүнүн илимий стилин калыптандырат.

3) Культурологиялык функция. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк инсанды маданият жана традициялар аркылуу маданият дүйнөсүнө алып барат. Анын негизинде инсан илимий мектептердин маданияты менен баарлашат. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк инсанды изилдөөчүлүк маданиятка тарбиялайт. Изилдөө иштери менен алектенген инсан заманбап илим менен техниканын өнүгүүсүнүн социомаданий тармагына катышат.

4) Баалуулук-ориентирлөөчү функция. Изилдөөчүлүк компетенцияга ээ болгон инсан өзүнүн изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүнүн баалуулугун аңдап түшүнө алат. Бул болсо, окутуу процессинин инсандык маңызын ачып көрсөтүп, аны билим берүү процесси менен тыгыз байланышта болуусун камсыз кылат.

Жыйынтыктоо иретинде айта кетүүчү нерсе, болочок мугалимдин изилдөөчүлүк компетенттүүлүгү заманбап мугалимдин педагогикалык даярдыгынын маанилүү компоненти болуп эсептелет. Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк педагогдун кесиптик даярдыгын өнүктүрүүдө өзгөчө ролду ойнойт. Бул компетенттүүлүк аркылуу болочок педагогдун изденүүчүлүк билгичтиктери, педагогикалык кырдаалдарды сынчыл анализдөө көндүмдөрү, коюлган проблеманын чечилишинин жолун издөө жөндөмдүүлүктөрү, өз алдынчалуулугун өнүктүрүүгө умтулуусу калыптанат. Ошондуктан, болочок мугалимдерди даярдоо процессинде бул компетенттүүлүктү калыптандырууга карата атайын курстарды уюштуруу менен, тиешелүү шарттарды түзүү менен комплекстүү иш алып баруу зарыл.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдулова Л.Ш. Колледждин студенттеринин изилдөө компетенттүүлүгүн синергетикалык ыкманын негизинде калыптандыруу. Реферат дис. … ачык. пед. Илимдер / Л.Ш. Абдулов. – Астрахань, 2009. – 18 б.
2. Абдурахманова Г.Ш., Чулуева М.К. Университетте компетенттүү мамиле // Кыргызстан жарчысы. - Бишкек, 2020. - № 2. - С. 81-85.
3. Абдырахманов Т.А., Ногаев М.А. Заманбап билим берүүдөгү компетенттүү мамиле: Окуу китеби. - Б., 2011. - 114 б.
4. Барпыбаев Т.Р. "Компетенция" түшүнүгүнүн айрым мүнөздөмөлөрү // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2020. – № 4. – С. 39-46.
5. Зимняя И.А. Негизги компетенциялар - билим берүүнүн натыйжасынын жаңы парадигмасы // Бүгүнкү күндө жогорку билим. - М., 2003. - № 5. - С. 34-42.
6. Курамаева Т.А., Калдыбаев С.К. Билим берүүнү санариптештирүү шартындагы педагогдун кесиптик компетенттүүлүгүнүн ролу //Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2020. – №2. – С. 17-27.
7. Лях В.И., Сигида Д.А. Заманбап университеттин окуу процессинде студенттин изилдөө компетенттүүлүгү: окуунун мазмуну жана ыкмалары // Заманбап педагогикалык билим берүүнүн проблемалары. - М., 2020. - № 66-3. - S. 147-149.
8. Осипова С.И. Таланттуу балдардын изилдөө компетенттүүлүгүн өнүктүрүү / С.И.Осипова // Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү мекемеси "Түстүү металлдар жана алтын мамлекеттик университети" www.fkgpu.ru/conf/17.doc.
9. Токтомамбетова Ж.С. Барпыбаев Т.Р., Калдыбаев С.К. Изилдөөнүн абалы жана "компетенттүүлүккө негизделген мамиле" концепциясынын пайда болуу тарыхы // Alatoo Academic Studies. - Бишкек, 2019. - № 4. - С. 63-71.
10. Ушаков А.А. Атайын билим берүү шартында орто мектеп окуучуларынын изилдөө компетенттүүлүгүн өнүктүрүү. Реферат дис. … ачык. пед. илим. А.Ушаков. – Майкоп, 2008. – 18 с.

**References:**

1. Abdulova L.S. Formation of research competence of college students on the basis of a synergetic approach. Autoref. diss. ... Candidate of Pedagogical Sciences / L.Sh. Abdulova. – Astrakhan, 2009. – 18 p.
2. Abdurakhmanova G.Sh., Chulueva M.K. Competence approach in higher education // Bulletin of Kyrgyzstan. – Bishkek, 2020. – No.2. – pp. 81-85.
3. Abdyrakhmanov T.A., Nogaev M.A. Competence approach in modern education: Textbook. – B., 2011. – 114 p.
4. Barpybaev T.R. "Competence" tushunugunun ayrym munozdomoloru // Alatoo Academic Studies. – Bishkek, 2020. – No. 4. – pp. 39-46.
5. Kuramaeva T.A., Kaldybaev S.K. Bilim beruunu sanaripteshtiryu shartyndagy pedagogdun kesiptik competenttuulugunun rolu //Alatoo Academic Studies. – Bishkek, 2020. – No.2. – pp. 17-27.
6. Lyakh V.I., Sigida D.A. Student's research competence in the educational process of a modern university: content and approaches of study // Problems of modern pedagogical education. – M., 2020. – No. 66-3. – pp. 147-149.
7. Osipova S.I. Development of research competence of gifted children / S.I.Osipova // State University of Non-Ferrous Metals and Gold www.fkgpu.ru/conf/17.doc

8. Toktomambetova Zh.S. Barpybaev T.R., Kaldybaev S.K. The state of research and the history of the emergence of the concept of "competence approach" // Alatoo Academic Studies. – Bishkek, 2019. – No. 4. – pp. 63-71.
9. Ushakov A.A. Development of research competence of secondary school students in the conditions of specialized training. Autoref. dis. ... Candidate of Pedagogical Sciences / A. A. Ushakov. – Maykop, 2008. – 18 p.
10. Zimnaya I. A. Key competencies – a new paradigm of the result of education // Higher education today. – M., 2003. – No. 5. – pp. 34-42.

УДК 37: 371.3
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2022-2(2)-32-38

**Калдыбаева А.Т., Жороева Рахат**
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, аспирант
**Калдыбаева А.Т., Жороева Рахат**
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева, доктор педагогических наук, профессор,
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева, аспирантка
**Kaldybaeva A.T., Zhoroeva Rakhat**
Kyrgyz State University I. Arabaev, doctor of pedagogical sciences, professor
Kyrgyz State University I. Arabaev, postgraduate student

# ПАТРИОТТУУЛУК – СОЦИАЛДЫК-АДЕП-АХЛАКТЫК БААЛУУЛУК КАТАРЫ
# ПАТРИОТИЗМ КАК СОЦИАЛЬНО-НРАВСТВЕННАЯ ЦЕННОСТЬ
# PATRIOTISM AS A SOCIO-MORAL VALUE

**Аннотация:** Макалада авторлор патриотуулуктун маңызын түшүндүрүүлөрдүн бирдей эместиги бул көрүнүштүн татаал табияты жана да аны түшүнүүгө болгон мамилелердин ар түрдүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан бул түшүнүккө, анын тарыхый-философиялык жана психологиялык-педагогикалык аспектилерин эске алуу менен, ага ар тараптуу анализ зарыл. Өсүп келе жаткан муунду патриоттуулуктун духунда жана Мекенге болгон сүйүүгө тарбиялоо маселеси илимий изилдөөлөрдүн негизги позициясын ээлеп келген, анткени бул маселелерди чечүү, белгилүү бир тарыхый мезгилдердеги кайсы бир өлкөнүн өнүгүшүнүн саясий жана социалдык-экономикалык шарттарынан объективдүү түрдө көз каранды, андыктан мурдагы тажрыйбаны заманга карата толук адаптациялоого болбойт.

**Аннотация:** В статье авторы объясняют разницу в объяснениях сущности патриотизма комплексностью этого явления и многообразием подходов к его пониманию. Поэтому необходим всесторонний анализ этого понятия с учетом его историко-философских и психолого-педагогических аспектов.
Проблема воспитания подрастающего поколения в духе патриотизма и любви к Родине заняла главное положение научных исследований, поскольку решение этих вопросов